**Илгиз Шамырзаев**
**№52 «Кыргыз-Түрк достугу» мектеп-лицей кыргыз тили жана адабияты мугалими Ош шаары**

**Предмет:** Кыргыз адабияты
**Тема:** Чыңгыз Айтматов «атадан калган туяк»
Классы: 5-класс
**Мөөнөтү:** 14.03.2020–жыл
**Өтүлүүчү тема:** «Карагул ботом» поэмасы
**Сааты:** 2 саат

| **САБАКТЫН МАКСАТТАРЫ:** | **КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ:** |
|---|---|
| **а) билим берүүчүлүк:** Чыңгыз Айтматовдун «Атадан калган туяк» аңгемесинин окуясы менен таанышышат; аңгеменин темасын жана негизги оюн аныкташат; | • Аңгемедеги окуялар боюнча берилген 2-3 суроого жооп берсе;<br>• Аңгемедеги турмуш чындыгын айтып бере алса;<br>• Аңгемедеги негизги ойду көрсөтө алса. |
| **б) өнүктүрүүчүлүк:** тарткан сүрөтүн негиздеп сүйлөп бере алат; «Атадан калган туяк» аңгемесиндеги окуяларды турмуш менен окшош жана айырмалуу жактарын көрсөтүшөт; | • Тарткан сүрөтүнө тема коё алса;<br>• Тарткан сүрөтүн түшүндүрүп бере алса;<br>• Чыгарманын окуясынан 2-3 турмуштук окшоштуктарды, айырмачылыктарды айта алса. |
| **в) тарбия берүүчүлүк:** айланасындагы адамдарга аяр мамиле жасоо, үй-бүлөдө өзүн алып жүрүү боюнча 2 тыянак чыгарышат. | Чыгарманын окуясынын негизинде өзүнө 2 эреже чыгара алса. |

**Сабактын тиби:** жаңы билим берүү сабагы

**Колдонулуучу усулдар:** эвристикалык метод, жупта, топтордо иштөө, комментарийлеп окуу

**Сабактын жабдылышы:** таркатма материалдар, слайд, окуу китеби, аудиоматериал, проектор, ноутбук, магниттер.

**Предмет аралык байланыш:** кыргыз тили, биология, укук таануу, адеп.

**Негизги компетенттүүлүктөр:** маалыматтык (5.1.3.4;), социо-катнаштык (5.3.2.16), өзүн өзү уюштуруучулук жана көйгөйлөрдү чечүү (5.3.2.17; 5.3.3.19)

**Предметтик компетенттүүлүктөр:** окурмандык (5.3.2.16; 5.1.3.4) баалуулук-дүйнө таанымдык (5.3.2.17; 5.2.1.10), адабий чыгармачылык (5.3.3.19; 5.1.3.4)

| **Саб-н этап-ы** | **Мугалимдин ишмердүүлүгү** | **Окуучунун ишмердүүлүгү** | **Күтүлүүчү натыйжа** |
|---|---|---|---|
| | | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Мотивдештирүү** | Саламдашам. Окуучулардын көңүлүн сабакка тартуу максатында ***«Эки баканын окуясын»*** (1-тиркеме) айтып берип, анын жыйынтыгында өз максаттарын айттырам. Сабактын максаттарын тааныштырам.<br><br>- Эки баканын бири аракетчил жана тырышчаак болгондуктан, аңгеменин аягында экинчи бака көздөгөн маарасына жеткенин билдик.<br><br>- Анда биз бүгүнкү сабагыбыздын максаттарын билип, өзүбүзгө ишеним топтосок (окуучулар менен сабакка максаттарды коём). | Саламдашышат. Өздөрүнүн алдыдагы максаттарын айтышат да, аны менен байланышта сабактын максаттары менен таанышышат, төмөнкү сүйлөмдөрдү ар бир топ өзүнчө хор менен кайталат:<br>1-топ: «Биз - аракетчилбиз!»<br>2-топ: «Биз окуганыбызды түшүнөбүз!»<br>3-топ: «Биз окуганыбыздан жыйынтык чыгара алабыз!»<br>4-топ: «Биз изденебиз!»<br>5-топ: «Биз – күчтүүбүз!» | Учурдагы сабактын маанилүүлүгүн түшүнүшөт. |
| **Билимдерин актуалдаштыруу** | Үй тапшырманын аткарылышын текшерем: **Сооронбай Жусуевдин *«Алакан» ырынын негизинде сүрөт тартып, ага тема койгула, чечмелеп бергиле.***<br>- Балдар, тартып келген сүрөтүңөрдү жаныңарда отурган шеригиңерге көрсөтүп, темасын тааныштыргыла жана эмне үчүн аны тартканыңарды түшүндүрүп бергиле.<br><br>- Баалоо баракчасына (2-тиркеме) бири бириңерге бааңарды белгилегиле.<br><br>Айрым окуучулардын иштерин жалпы класста талкуулатам. Ушул аркылуу жыйынтык чыгарылат. | Окуучулар алгач тарткан сүрөттөрүн жупта талкуулашат, бири-биринин үй тапшырманы аткаруусун берилген баалоо критерийлерине таянып баалашат.<br>Үй тапшырмасын баалоонун критерийлери:<br>1. Ырда айтылган окуяларды чагылдырып бере алса – 1 упай<br>2. Тарткан сүрөтүнө ылайык тема коё алса – 1 упай<br>3. Аны түшүндүрүүдө үлгүгө толук таянса – 1 упай<br>4. Эмне үчүн тартканына далил келтире алса – 1 упай<br>Сүрөттөрүн класска илишет, каалоочулар, мугалим белгилеген окуучулар жалпы класска өз сүрөттөрүн түшүндүрүп беришет. | **5.3.3.19.**Чыгармалардын негизинде сүрөт тарта алат. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Жаңы материалды өздөштүрүү** | Бул этапта сөздүк иши жана ачкыч сөздөрдү колдонуп, окуя түзүү аркылуу текстти окууга чакыруу жасалат.<br>- Балдар, сүрөттөн эмнени көрүп турганыңарды айткыла.<br>***Алаамат, терек, ноопат, киномеханик, жүрөк өйүтүү*** деген сөздөрдүн маанисин өзүм түшүндүрүп берем.<br>- Бала, согуш, кино деген сөздөрдү катыштырып, өз алдыңарча окуя түзүп көргүлөчү.<br>- Анда азыр Чыңгыз Айтматовдун «Атадан калган туяк» аттуу аңгемеси менен таанышабыз. Азыр силер түзгөн окуялардан кайсы окуялар чыгарманын окуясына жакындыгы бар экенине көңүл бурганча окугула.<br>(Окуганын түшүнүүсү комментарийлер аркылуу текшерилип турат.) | ***Алаамат, терек, ноопат, киномеханик, жүрөк өйүтү*** деген сөздөрдүн маанилерин сүрөт аркылуу эске түшүрүшөт, түшүнүшөт.<br>Дептерлерине кыскача окуя түзүп жазышат.<br>Өздөрү түзгөн окуяларды угушат.<br><br>Аудиоматериалдан чыгарманын бир бөлүгүн угушат, калган бөлүктөрүн окуу китебинин – беттеринен комментарийлеп окушат (1-тапшырма).<br><br>Өздөрү түзгөн окуяларга окшоштуктарды айтышат. | 5.1.3.4.Чыгарманын окуясын оозеки түрүндө көз алдыга келтирип, айтып берет. 5.3.2.16.Түйүндүү эпизоддорду анализдейт, каармандардын жүрүм-турумун баалайт; |
| **Өтүлгөн материалды бышыктоо** | **2-тапшырма:** Төмөнкү сүйлөмдөрдү окугула, «ооба» же «жок» деген жообуңарды негиздеп бергиле (3-тиркеме).<br><br>**3-тапшырма: «Айыптууну соттойбуз».** 1-топ:___ 2-топ: ___<br>Бул тапшырманы аткаруу менен жаңы материалды өздөштүрүүнү бышыктоого шарт түзөм. | Берилген 4 сүйлөмдү окуп, пикирлерин айтышат.<br>1.<br>2.<br>3.<br>4.<br>Ар бир топ өздөрүнө бөлүнгөн ролго ылайык далилдерди тексттен табышат. «Сахналаштыруу» көрүнүшүнө катышышат. | 5.3.2.17.Турмуш материалын көркөм сюжет менен салыштырат; |
| **Сабакты жыйын-тыктоо** | **4-тапшырма:** Чыгарманын окуясынан алган таасирлериңердин негизинде өзүңөргө 2 эреже чыгаргыла.<br>- Анда биздин сабагыбызга койгон максаттарыбызга карап көрөлү. (Окуучулар менен бирге жогоруда белгиленген сабактын максаттары талкууланат). | Ар бир окуучу дептерге 2 эреже жазат. Эрежелерин айтышат. | Чыгармадан алган тарбиялык таасирлерин аныкташат. |
| **Үй тапшырмасы** | **Үй тапшырмасы:** «Атадан калган туяк» деген кинофильмди YouTubeдан көрүп чыккыла. Кинофильм менен «Атадан калагн туяк» аңгемесинен 2 окшоштук, 2 айырмачылык таап, жазгыла. | Үй тапшырмасын өздөрүнүн дептерлерине белгилешет.<br>Аткаруунун шарттарын түшүнүшөт. | 5.2.1.10.Бир же бир нече чыгарманын каармандарын салыштыра |
| **Баалоо** | Критерийлер аркылуу баалайм (2-тиркеме) | Окуучулар баалоо баракчалары-на упайларды белгилешет. Упайлардын жыйын-тыгы менен бири-бирине баа коюшат. | Өз иш-ара-кеттерин туу-ра баалоого машыгышат. |



**1 – тиркеме**

Бир күнү эки бака сүт куюлган чакага түшүп кетет. Экөө канчалык аракет кылышса да, чакадан чыга албай коюшат. Акыры бирөөсү үмүтү үзүлө: «Баары бир чыга албайбыз. Ушул жерде чөгүп өлөбүз» - дейт да, аракетин токтотот. Экинчиси оңойчулук менен жеңилгиси келбейт. «Баары бир чыгамын» - деп аракетин улантат. Ары-бери тынбай сүзүп, буту менен сүттү чала берет. Бир нече сааттан кийин ал бака да чарчап, аракетин токтотот. Бирок дагы эле сыртты карап, үмүтүн үзбөйт. Ошол учурда сүт коюуланып, үсту каймактанып калганын көрөт. Албетте, бул бир нече саат бою тынбай аралаштыра беруүнүн натыйжасы эле. Ошентип сүттүн коюуланып каймактап калган жагына акырын чыгат да сыртка секирип кетет.

**2-тиркеме**

**Баалоо баракчасы**

<table>
<tr><th>тапшырманын мазмуну</th><th>баалоо критерийлери</th><th>упайы</th></tr>
<tr><td rowspan="4">Сооронбай Жусуевдин «Алакан» ырынын негизинде сүрөт тартып, ага тема койгула, чечмелеп бергиле.</td><td>Ырдын окуясын чагылдырып бере алса</td><td>1 упай</td></tr>
<tr><td>Тарткан сүрөтүнө ылайык тема коё алса</td><td>1 упай</td></tr>
<tr><td>Аны түшүндүрүүдө үлгүгө толук таянса</td><td>1 упай</td></tr>
<tr><td>Эмне үчүн тартканына далил келтире алса</td><td>1 упай</td></tr>
<tr><td rowspan="3">1-тапшырма: Текстти уккула, окугула. Ар бир тынымда окуяны түшүнгөнүңөрдү айтып бергиле.</td><td>Текстти шар, көрктүү окуй алса</td><td>1 упай</td></tr>
<tr><td>Окуяларды салыштыра алса</td><td>1 упай</td></tr>
<tr><td>Чыгарманын окуясын түшүнсө</td><td>1 упай</td></tr>
<tr><td rowspan="2">2-тапшырма: Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп, «ооба» же «жок» деген жообуңарды билдиргиле.<table><tr><th>№</th><th>Сүйлөмдөр</th><th>ооба</th><th>жок</th></tr><tr><td></td><td></td><td></td><td></td></tr><tr><td></td><td></td><td></td><td></td></tr><tr><td></td><td></td><td></td><td></td></tr><tr><td></td><td></td><td></td><td></td></tr></table></td><td>4 жоопту туура белгилесе</td><td>(0,5 упайдан) 2 упай</td></tr>
<tr><td>Жообун негиздеп бере алса</td><td>1 упай</td></tr>
<tr><td rowspan="3">3-тапшырма: «Сахналаштыргыла». Өзүңөргө бөлүнгөн ролго ылайык далилдерди тексттен тапкыла.</td><td>Өз ролуна ылайык тексттен 2-3 далил таба алса</td><td>1 упай</td></tr>
<tr><td>Тексттен тапкан далилин кебине байланыштырып сүйлөй алса</td><td>1 упай</td></tr>
<tr><td>Турмуш менен байланыштыра алса</td><td>1 упай</td></tr>
<tr><td rowspan="3">4-тапшырма: Чыгарманын окуясынан алган таасирлериңердин негизинде өзүңөргө 2 эреже чыгаргыла.</td><td>2 эреже чыгара алса</td><td>2 упай</td></tr>
<tr><td>1 эреже чыгара алса</td><td>1 упай</td></tr>
<tr><td>эрежени туура чыгара алса</td><td>1 упай</td></tr>
<tr><td></td><td>жалпы:</td><td>17 упай</td></tr>
<tr><td colspan="3">14-17 упай алса - “5”<br>10-13 упай алса – “4”<br>8-9 упай алса – “3”<br>7 же андан кем упай алса – “2”</td></tr>
</table>

**3 – тиркеме**

| № | Сүйлөмдөр | ооба | жок |
|---|---|---|---|
| 1 | Авалбектин апасынын ысымы Жээнгүл экендигин чынбы? | | |
| 2 | Кинодогу каарман Авалбектин атасы беле? | | |
| 3 | Замбиректин жанында алгач үч киши бар беле? | | |
| 4 | «Атадан калган туяк» аңгемесинде эрбеңдөө, баласаак, түнөк деген сөздөр кездештиби? | | |

**1 - тапшырма:** Текстти уккула, окугула. Ар бир тынымда окуяны түшүнгөнүңөрдү айтып бергиле.
**Баалоо критерийлери:**
**Текстти шар, көрктүү окуй алса – 1 упай**
**Окуяларды салыштыра алса – 1 упай**
**Чыгарманын окуясын түшүнсө – 1 упай**

**2 - тапшырма:** Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп, «ооба» же «жок» деген жообуңарды билдиргиле.

| № | Сүйлөмдөр | ооба | жок |
|---|---|---|---|
| 1 | Авалбектин апасынын ысымы Жээнгүл экендигин чынбы? | | |
| 2 | Кинодогу каарман Авалбектин атасы беле? | | |
| 3 | Замбиректин жанында алгач үч киши бар беле? | | |
| 4 | «Атадан калган туяк» аңгемесинде эрбеңдөө, баласаак, түнөк деген сөздөр кездештиби? | | |

**3 - тапшырма:** «Сахналаштыргыла». Өзүңөргө бөлүнгөн ролго ылайык сүйлөгөн сөзүңөргө далилдерди тексттен тапкыла.

**4 - тапшырма:** Чыгарманын окуясынан алган таасирлериңердин негизинде өзүңөргө 2 эреже чыгаргыла.

**Үй тапшырмасы:** «Атадан калган туяк» деген кинофильмди YouTube каналынан көрүп чыккыла. Кинофильм менен «Атадан калаган туяк» аңгемесинен 2 окшоштук, 2 айырмачылык таап, жазгыла.
**YouTube:** https://www.youtube.com/watch?v=JfQIDoQU-6E